Борбордук шайлоо
комиссиясынын төрайымы
Н.Шайлдабековага

Өзгөн шаардык кеңешинин
депутаттарынан

2021-жылдын 10-июнь күнү Өзгөн шаардык мэриясынын жыйындар залында болуп өткөн шаардын мэринин кызмат ордуна шайлоо убактысында бир топ мыйзам бузуулар болуп өткөндүгү аныкталган. Атап айтсам шайлоо бюллеттендерине талапкерди белгилеп уюлдук телефондорунун жарыткычтарын күйгүзүп сүротко тартканды жана бюллетендеги белгилөөчү жерине атайын белги коюнун ордуна, депутаттардын аттарынын же болбосо фамилиясынын башкы тамгалары жазылганы аныкталган. Ошондой эле шайлоо өтүүчү жыйындар залына массалык маалымат каражаттарынын өкүлдөрүн киргизбей шайлоо жабык эшик артында өткөрүлүп, журналистер шайлоонун бүтөөрүндө шайлоо өтүүчү мэриянын залына киргизилди. Талапкерлерге жергиликтүү депутаттар тарабынан суроо берүүгө мүмкүнчүлүк берилбей, 31 депутаттын ичинен 1 депутатка кыска 1 минута убакыт берилип, калган депутаттар талапкерге суроолорун бере албагандыгы, бул депутаттардын укугу тебеленди деп эсептеймин.

Мэриянын жыйындар залында видео көзөмөл үчүн атайын камера орнотулган болуп, бирок шайлоо өтүүчү күнү видео көзөмөл камераны алып салышкан.

Талапкер КР Жогорку Кеңешинин депутаты Н.Каримовдун шайлоо өтүү убактысында мэриянын имаратынын алдына 100дөгөн тууган-уруктары, достору жана тарапташтары чогулуп алышып, шайлоонун таза жүрүшүнө басым өткөрүштү.

Жогоруда көрсөтүлгөн мыйзам бузууларды эске алып (бюллетендерди текшерип) шаардын мэрининин кызмат орду үчүн болуп өткөн шайлоону жокко чыгарып берүүңүздү суранамын. (мыйзам бузуулардын фото жана видеотасма далилдери тиркелет).

Өзгөн шаарынын мэринин
кызмат ордуна талапкер А.Джалилов

Шаардык кеңешинин
депутаты М.Абдурахманов

Шаардык кеңешинин
депутаты А.Мамазайитов

Шаардык кеңешинин
депутаты С.Салиев